| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ТОҢ РАЙОНУ**<br>**АК-ТЕРЕК АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ТОНСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АК-ТЕРЕКСКОГО**<br>**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА** |

**Эл депутаттарынын VII – чакырылышынын XXV – кезексиз сессиясынын**

# ТОКТОМУ

29-сентябрь 2023-жыл № 3 Кара-Коо айылы

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-2024-жылдары айыл чарба багытындагы жерлердин жер салыгынан дыйкан, фермерлерди бошотуу жана жер салыгынын ордун Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан компенсация кылуу боюнча жарлыгынын негизинде Ак-Терек айыл өкмөтүнө республикалык бюджеттен бөлүнгөн 541,0 миң сомдун бөлүнүшү жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын бюджетине каралган жер салыгынын түшпөй калуусун компенсация кылып берүү үчүн республикалык бюджеттен бөлүнгөн 541,0 миң сомду колдонууу жөнүндөгү маселе боюнча Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Т.А.Калыковдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңеши **токтом** кылат:

1. Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн бюджетине республикалык бюджеттен Бөлүнгөн 541,0 миң сому төмөндөгүлөргө жумшалсын: Кара-Коо айылындагы Р.Жангазиев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби жана Дөң-Талаа айылындагы И.Текеев атындагы жалпы орто билим берүү мектеби 1-ноябрдан баштап жаңы имаратка көчүп жаткандыктан кошумча 55 тонна көмүргө 264,0 миң сом, №8 бала бакчасына 30 тонна көмүргө 144,0 миң сом, ЖКХнын 22221200 беренесине материалдарды алууга 133,0 миң сом каралсын.

2.Токтомду аткаруу жагы, Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык бөлүмдүн башчысы К. Абдыраевге жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Т. Үсөновго милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**

**Жооптуу катчы** **М.Б. Эсеналиева**